УДК: 800.1 : 894.341 (043.3)

Элмира Төлөкова, *Ф.и.к.*
Кыргыз-Түрк «Манас» университети,
Чет тилдер жогорку мектебинин ага окутуучусу
elmiratolokova@mail.ru

«ТӨӨ» КОНЦЕПТИНИН ЛИНГВОМАДАНИЯТ БАГЫТЫНДА ИЗИЛДЕНҮҮСҮ

ЛИНГВОКУЛЬТУРОЛОГИЧЕСКОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ КОНЦЕПТА “ВЕРБЛЮД”

LINGUOCULTURAL STUDY OF THE CONCEPT “CAMEL”

Аннотация: *Бул макалада кыргыз тилиндеги төөгө байланыштуу сөз жана сөз айкаштары, улуттук маданий маанилик түшүнүктөр лингвомаданият таануу илиминин чегинде комплекстүү изилдөөгө алынып, төөгө байланыштуу сөз жана сөз айкаштары, сөз тизмектери, конструкциялар (фразеологизм, макал-ылакап, метафора ж.б.); тилдеги архетиптер (индивидуалдык аң-сезимде жашоочу, бардык замандагы маданиятка бирдей тароочу туруктуу образдар), мифологемалар (мифтеги маанилүү кырдаал же мифтен мифке өткөн «башкы каармандар», мисалы “Ойсул ата” – төөнүн пири, колдоочу ээси), символдор (каада-салт, ырым-жырымга мүнөздүү жогорку абстракттуу мааниге ээ болгон конкреттүү предмет же абстракттуу кыймыл-аракеттер, мисалы, төө тууса, анын башына жоолук салуу – ботолуу кылганы үчүн ага ыраазычылык билдирүүнүн символу, ботого “жентек берүү” – жаңы туулган ботону үй-бүлө мүчөсү катары кабыл алуунун символу ж.б.у.с. символдор) бир арага топтолуп, тематикалык негизде сунушталды.*

Түйүндүү сөздөр: *«төө” концепти, архетип, мифологема, макал-ылакаптар, фразеологизмдер.*

Аннотация: *В данной статье проведен комплексный анализ концепта “верблюд” в лингвокультурологическом аспекте, где рассматриваются слова и словосочетания, фразеологизмы, пословицы и поговорки, метафоры, архетипы (устойчивые образы, существующие в индивидуальном сознании человека и живущие в культурах во все времена), мифологемы (значительные ситуации в мифе или “главные герои”, переходящие из мифа в миф, например “Ойсул ата” – покровитель верблюда), символы (конкретный предмет, имеющий особое абстрактное зачение в обычае и традиции или абстрактные действия, связанные с обычаями и традициями, например, когда рождается верблюжонок, у кыргызов есть обычай одевать женский платок матери верблюжонка как женщине, которое означает радость и благодарность за выношенного верблюжонка; устраивать пиршество – на кыргызском “жентек”, в честь рождения верблюжонка. Это событие означало символ принятия верблюжёнка в семью владельца верблюда, а также другие символы), которые представлены на тематической основе.*

Ключевые слова: *концепт “верблюд”, архетип, мифологема, пословицы и поговорки, фразеологизмы.*

Annotation: *This article studies the complex analyses of words and word combinations, national cultural concepts in the Kyrgyz language concerning “Camel” in the linguocultural aspect.*

The article includes the thorough linguocultural research of words and word combinations, language units, constructions related with “Camel”, phraseologisms,

proverbs, metaphors etc; linguistic archetypes (stable images which are in individual consciousness belong to the culture of all times), mythologemes (important occasions in myths or "main heroes" that survive from myth to myth, for example: "Oisul Ata" is considered to be an invisible godlike patron saint of Camel); symbols (the specific object or abstract actions belong to the traditions and customs, rituals, for example: The birth of a Camel Colt is associated with birth of human being and Kyrgyz people wear a shawl around mother camel's head like covering a woman's head, and they shared good news with others and celebrated it like the birth of a child (made feast, in Kyrgyz - jentek). Such an event is a symbol of Camel Colt admission to the owner's family) are compiled in one research and proposed on thematic basis.

Keywords: *Concept "Camel", archetypes, mythologemes, proverbs, phraseologisms.*

Көчмөн турмушта *төө* өзгөчө мааниге ээ болуп, элибиз: "*Төө – малдын төрөсү*" – деп аздектеп баккан. Илгери эл жайлоого, күздөөгө, кыштоого, жаздоого көчкөндө төөнү жүк ташуучу унаа катары колдонгон. Замандын талабына ылайык азыр жүк ташууда ар түрдүү техникалык унаалар колдонулуп калды. Ошондон уламбы, төөнүн саны кескин кыскарды. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын статистикалык кызматынын каттоосунда 250дөй гана төө бар экен. Бул, албетте, жанды кейите турган көрүнүш...

2018-жылдын январь айында Түркиянын Измир шаарына караштуу Сельчук районунда «II Эл аралык Төөчүлүк маданияты жана төө күрөшү" симпозиуму болуп өттү. Ага 12 мамлекеттен: Түркиядан сырткары Казакстан, Кыргызстан, Иран, Алжир, Судан, Австрия, Германия, Бангладеш, Италия, Голландия, Азербайжандан окумуштуулар жана төөчүлөр катышты. Үч күнгө созулган симпозиумдун жүрүшүндө төөгө байланыштуу теоретикалык жана практикалык маселелер: төөнүн сүтүнүн, уузунун өзгөчөлүгү жана дарылык касиети, этинин, жүнүнүн пайдалуулугу, жалпы эле төөчүлүктү өнүктүрүү иштерине мүнөздүү суроолор, ветеринардык көйгөйлөр илимий негизде кеңири талкууланды. Симпозиумдун жүрүшүндө башка өлкөлөрдөгү төөлөрдүн санын сураштырсак, Казакстанда 180 миң, Африканын Судан өлкөсүндө 5 млн, Сомалиде 7 млн бакма төө бар экен. Казак мамлекети төөнүн этин, сүтүн Европа өлкөлөрүнө экспорттоп, абдан кымбат баада сатып жатыптыр.

Ал эми Кыргызстанда төөнү багып өстүрүү колдон чыгып, ал тургай I-II-Көчмөндөр оюндарына төө кирбей калган экен. Чындыгында, көчмөндөр оюнунун ачылыш салтанатында кыргыз көчүн чагылдырган *төө кербени* өткөрүлсө жакшы болмок. Керек болсо, *төө жарышын*, *төө күрөшүн* уюштурууга болот. Алсак, Түркияда жыл сайын төө күрөшү фестивалы уюштурулса, Араб өлкөлөрүндө төө жарыштары өткөрүлүп жүрөт. Ушуга окшогон иш-чараларды Кыргызстанда уюштурсак, төөчүлүктү өнүктүрүүгө жакшы шарттар түзүлмөк.

Чыңгыз Айтматовдун "Кылым карытар бир күн" романындагы каарман – Эдигей төөнүн сүтүн ботосунан талашып шубат кылып ичип жүрүп дартынан айыгып кеткени баяндалган... Төөнүн сүтү айыкпаган дартка даба боло турганын билип, аны сураштырып издеп жүргөн жердештерибизди көрүп жүрөбүз... Төө журкан жылуу болот деп базардан издейбиз... Төөнүн жүнүнөн токулган жүн байпакты, кийим-кечелерди кышкысын издеп таба албайбыз... Төөнүн эти сиңимдүү жана дарылык касиетке ээ экендиги жалпыбызга белгилүү. Бирок Кыргызстанда төө багуу унутта калып, төө куш өстүрүүгө көңүл бөлүнүүдө. Илбирстер жоголуп бара жатат деп, ага байланыштуу эл аралык деңгээлдеги чоң-чоң иш-чаралар уюштурулууда. Ал эми төрт түлүктүн бири төө байкалбай жоголуп бара жатканына эмне үчүн жаныбыз кейибейт?..

Бул илимий макалада «төө» концепти лингвомаданият таануу багытында иликтөөгө алынды.

1. *Төө* сөзүнүн түшүндүрмөсү жана этимологиясы

Төө бир же эки өркөчтүү, чөлгө чыдамдуу мал (КТС, 2011:582). Кыргыз тилиндеги *төө* сөзү казак тилинде *түйө,* өзбек тилинде *туя,* монгол тилинде *тэмээн,* байыркы түрк тилинде *тебе* болуп айтылат. Кыргызча *төө* алгачкы *тек* же *теге* дегенден келип чыгышы мүмкүн. Байыркы түркчөдөгү *теве* сөзү *теге* түрүнүн *г* тыбышы *б* тыбышына өзгөрүшүнөн пайда болушу ыктымал. *Теге* сөзүнүн *э* тыбышы *ө* тыбышына алмашып *төгө* түрүндө айтылып, кийин *г* тыбышы түшүп калуусунан *төө* сөзү келип чыккан болуу керек (Сейдакматов, 1988:44).

2. *Төөнүн* түрлөрү жана *төө* түшүнүгүнө байланыштуу атоолор

Кош өркөчтүү төө // айры өркөчтүү төө, бир өркөчтүү төө // жалгыз өркөчтүү төө.

ботo: 1. Төөнүн тайлакка чейинки жаш төлү.

Бир жаштан беш жашка чейин: *сүт ботo // сүт тайлак, тай тайлак, кунан тайлак, бышты тайлак, асый тайлак.*

атан төө: бычылган, жүк жүктөөгө ж.б. жумуштарды аткарууга ылайыкталган төө.

иңген: ургаачы төө.

нар: 1. жалгыз өркөчтүү төө. 2. айры өркөчтүү төө менен жалгыз өркөчтүү төөнүн аргындашуусунан келип чыккан төө.

буура: төөнүн тукумдатуучу эркеги.

каймал: беш жаштан өйдөкү ургаачы төө.

лөк: бир өркөчтүү нар төөнүн эркеги.

желмаян: төөнүн түрү – күлүк жана чыдамдуу, күчтүү төө.

төө кийик: жапайы төө.

Ойсул ата: төөнүн пири, колдоочу ээси.

3. *Төө* сөзү катышкан тилдик бирдиктер

а) туунду сөздөр: *төөкеч, төөчү, төөмантек, төөлүк, төөлүү.*

Мисалы:

төөкеч: төөгө артылган жүктү алып жүрүүчү киреке, төө менен жүк ташуучу киречи.

төөмантек: оюнда уттурган баланын башына чыканакты коюп, ныгыра басып туруп колун тартып алганда, муштум күч менен барып башка тийген сокку.

төөлүк: 1. айырмасы чоң, айырмасы бир кыйла жогору. 2. төөгө тете, төөнүн күчүнө барабар.

б) сөз айкаштары: *төө буурчак, төө коко (бот.), төө тикен (бот.), төө уйгак (бот.), төө куйрук, төө таман (бот.), төө коңуз, төө куш, төө мылтык, төө чарбасы, төөдөй милдет, төөлүк өйдө, бир төөлүк жүк, төөлүү көч, бууракандаган төө, буйлаланган төө, бото гүл, бото мойнок, бото кур, төө кербени.*

Мисалы:

төө куйрук: тикенектүү жапыз бадал өсүмдүк.

төө таман: тикендүү, жазы жалбырактуу өсүмдүк.

төө мылтык: чоң мылтык

бир төөлүк жүк: (өлчөм) төө көтөргөнчөлүк өлчөмдөгү жүк.

буйлаланган төө: 1. буйласы бар (мурдун тешип өткөзүлгөн шиш же байланган жиби бар) төө; 2. *өтмө мааниде*, кимдир бирөөнүн жетегинде калуу.

бото гүл: нымдуу жерде өсүүчү майда көк гүлдүү өсүмдүк.

бото мойнок: көз тийбесин деген ниетте ботонун мойнуна тагылуучу бир жак учу көзөнөктүү, экинчи учу түйүн болуп жасалган жип.

бото кур: кооздолгон баалуу кур, жибек кур.

4. Төө жабдыктары

ком / ком-чом: 1. төөгө жүк артуу үчүн өркөчүнө, белине орой таңылган кабат-кабат кийиз же башка калың нерсе, чом. 2. абдан семирген төөнүн же уйдун жон майы.

чом: унаа малга токуу үчүн кийизден калың кылып, жумшактап шырылып жасалган токулга.

төө жал / төө мойнок: төөнүн мойнуна илип коюлуучу жасалга, кооздук.

ком жыгач: төөнү комдогондо эки капталына тартуучу жыгачы.

жеке сан: төөнүн мойнуна тагылуучу чоң коңгуроо.

5. Төөнүн этинен, сүтүнөн жасалган тамак-аштар: *төөнүн эти, төө куурдак, төө кымыз / шубат, төөнүн сүтү.*

6. *Төө* маанисине байланыштуу фразеологизмдер: *ботодой боздоо:* "муңдуу үн менен ыйлоо, кейишке дуушар болуу, аянычтуу сыздаган үн чыгаруу"*; мойнуна бото салынуу:* "толук баш ийип, күнөөсүн мойнуна алгандыгын билдирүү иретинде, кечирим суроодо таазим көрсөтүү"*; бото көз:* "бакырайган, жоодураган, балбылдаган чоң көз"*; ак төөнүн карды жарылган кез:* "бышыкчылык, токчулук, берекелүү күз мезгили"*; түлөгөн тайлактай*: "кейпи кетип, самсаалап, салбырап кийинген"; *төө кыядан өтүү*: "иштин учуру, оор мезгили өтүп кетүү, болору болуу, иш бүтүп калуу"*; төөнүн куйругу жерге тийгенде*: "жакында болбой турган же такыр болууга мүмкүн болбогон нерсе"*; төө көрдүңбү – жок, бээ көрдүңбү – жок*: "бир нерсени билсе да билбеген, көрсө да көрбөгөн, ал ишке катышы жок"*; нар кескен*: "өтө курч (төөнүн чоңу нарды да жара чапкан деген мааниден алынган) болот кылыч"*; төө карын* (бот.); *төө таман* (бот.); *төөдөй милдет:* "олуттуу милдет"*; төөң ак тууду:* "иши оңолуу, ойлогону ордунан чыгуу"*; төөнүн көзүндөй*: "өтө кичинекей (идиш-аякка карата)"*; төө басты:* "бирөөнүн үстүнө башкалары үйүлүп, басып ойноочу оюн"*; төө бастыга алуу*: "көптөп кетүү"*; жылаңач төөнү бучкакка чапкандай; төө чайнаганын билип, жутканын билбейт; төөдөй го; төө десе, бээ дейт, ж.б.*

7. "Төө" түшүнүгүн камтыган географиялык аталыштар

Төө: Төө-Ашуу, Төө-Моюн, Төө жүгүн, Төө Камачу, Төөнчү, Кара төө өлчү (кара төө өлгөн жер).

Инген: Кара-инген.

Бото: Бото-Мойнок.

Тайлак: Ак Тайлак ашуу.

***8. Төөгө* байланыштуу ырым-жырым, ишеним, диний түшүнүктөр**

* * *

Төө туюй турган болуп калганда аны чөгөрүп, үстүнө кийиз же таар жаап коёт.

Төө ургаачы тууса дагы: "Эркек тууду!" – дейт, анткени энесинин жүгү жеңилденип калсын дегени.

Төө тууган соң, ал төөнүн башына ак жоолук салып, анын баласы – тайлактын башын ак чүпүрөк менен ороп коёт.

Төө тууганда кыргыз эли жакын-санаалаштарына, коңшу-колоңдоруна сүйүнчүлөйт, жентек берет. Төөнүн ботосуна жентек той бергенде, ингендин ууз сүтүнөн жарма жасайт.

Төөсү тууганда киндиги түшсүн деп үй ээси жети күнгө чейин эч кимге от бербейт.

Оозандырып эмизмейинче, эч кимди тайлак менен төөнүн ортосунан өткөрбөйт.

Төө тайлагын жерисе, эки кыз баланы эки төөгө мингизип, эки жакты каратып «төө жериди» деп айттырат.

Төө тууганда тайлакка көз тийбесин деп тумар тагып коёт.

* * *

Боюнда бар аял төөнүн этин жебейт, төөнүн этин жесе, боюндагысын төө сыңары он эки ай көтөрүп калат. Эгерде боюнда бар аял төөнүн этин күйөөсү менен бөлүшүп жесе, он эки ай көтөрбөй, убагында төрөйт.

Боюнда бар аял убагында төрөбөй ай-күнүнөн ашып кетсе, тик турган төөнүн астынан өткөрүшкөн.

* * *

Айыпталуучуну жаза катары куйрук-жалы кыркылган комсуз төөгө мингизген.

* * *

Энчиге комдолуу төө берген.

* * *

Төөнүн мурдун чүйрүгөнү – жаан-чачындын болорун кабарлаганы.

Түшкө төө кирсе, жакшылыкка жорулат.

* * *

Төөнүн өтүн бал менен жесе, көздүн көрүшү жакшырат, тамак оору айыгат.

Төөнүн жүнүн күйгүзүп жарага басса, айыгат, канап жаткан мурунга басса, кан токтойт.

* * *

Илгери кыргыз эли төөнү үч шартта гана союшкан:
жалпы айыл курмандык кылганда, түлөө бергенде;
хан көтөргөндө;
төөнүн буту сынганда, ооруп калганда.

***9.* "Төө" түшүнүгүнө байланыштуу макал-ылакаптар**

Төө – малдын төрөсү. Жөө жүргөнчө, төө минген жакшы. Көрбөгөн төөнү да көрбөйт. Төө көп болуп конокко сойбойт. Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт. Бээ десең, төөгө кетет. Манап алжыса төө деп алжыйт (*ылакап, жашы өткөн эркек кишиге карата).* Төө баласы – төрө баласы. (*ылакап , төөнүн баласын көзүн карап багуу).* Төө кыядан өткөн соң «Оо...» дегениң курусун! Төө чайнаганын билип, жутканын билбейт. Жыгылсаң төөдөн жыгыл, буйласын кармай жыгыл. Бакырчаак төөнүн бары жакшы**.** Төө өлгөндө жүк өгүзгө жүктөлөт. Төө канча болсо, жүк ошончо. Төө качып, жүктөн кутулбайт. Төө минген иттен коркпойт. Жаманды төө минсе да ит кабат. Төө мингенде жигитти тегеректеп эл жүрөт, жөө жүргөндө жигитти келекелеп эл күлөт. Төө мингендин төбөсү бийик. Төө минип, эчкиге жашынба. Төө сойгон эчки сойгондон эт сураптыр. Төө чөлдү ойлосо, бака көлдү ойлойт. Төөгө минген боюн жашырбайт. Төөнүн бир өркөчү кесилсе, бирөөнүн күчү жок. Төөнүн мазар менен иши жок. Төөнүн пайдасы талаада билинер, адамдын пайдасы балаада билинер. Төөсүнө жараша – кому, эшегине жараша – чому, ж.б.

9. "Төө" түшүнүгүнүн улуттук мазмуну
төө – унаа;
төө – азык;
төө – ыйык.

Адабияттар

1. Древнетюркский словарь / сост.: Т.А.Боровкова, Л.В.Дмитриева, А.А.Зырин и др.– Л.: Наука, 1969. – 676с.

2. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү / Ред. Э.Абдулдаев, Д.Исаев. – Фрунзе: Мектеп, 1969. – 775 б.

3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү / Ред. Э.Абдулдаев, Д.Исаев. – Фрунзе: Мектеп, 1984. – Т.1. – 624 б.

4. Кыргыз тилинин сөздүгү. КР УИА, Биринчи бөлүк / Ред. А.Акматалиев; Ж.Мамытов ж.б. – Бишкек: AVRASYA PRESS, 2011. – 880 б.

5. Кыргыз тилинин сөздүгү. КР УИА, Экинчи бөлүк / Ред. А.Акматалиев; Ж.Мамытов ж.б. – Бишкек: AVRASYA PRESS, 2011. – 891 б.

6. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү / Түз. Э.Абдулдаев, Д.Исаев, К.Сартбаев ж.б. – Фрунзе: Илим, 1980. – 324 б.

7. Кыргызча-орусча сөздүк. 40 000 сөзгө жакын: 2 китеп / түз. К.К.Юдахин. – Фрунзе: КСЭ, 1985. – 1-т. – 503 б.; 2-т. – 474б.

8. «Манас». С. Каралаевдин варианты боюнча, 1-китеп. -Фрунзе: Кыргызстан, 1984. -233-бет.

9. «Манас». С. Каралаевдин варианты боюнча, П-китеп. -Фрунзе: Кыргызстан, 1985. -249-бет.

10.Сейдакматов, К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. – Фрунзе: Илим, 1988. – 337 б.

11.Ч.Айтматов, Кылым карытар бир күн. 4-том, Бишкек, «Учкун», 2009. 5-379.

12.Максутова С. "Көчмөндөр оюндарына төө жарышын кошуу керек" (макала)."Эркин-Тоо" гезити. №19 (2877), 2018-жылдын 6-марты. 10-11-б.

13.К Адиев. «Манас» трилогиясындагы желмаян төөнүн образы. Филологические науки Теория. История литературы. УДК 808/398.221. (167.1Kb), 12.03.2014)) (интернет булагы)

14.www.bizdin.kg. ББК 82.3 (2Ки) Т-12 «Эл адабияты» сериясы Т-12 Табышмактар / Баш сөзүн жазган К. Ибраимов; А. Акматалиевдин жалпы ред. астында; Кырг. Улут. И. А. ж.б. - Б.: «Шам», 2002. - 320 б. - («Эл адабияты»). ISBN 9967-10-062-1. (интернет булагы)

15.www.bizdin.kg. Каада-салттар. Ак баталар / А. Акматалиевдин жалпы ред. астында; Баш сөзүн жазгандар Н. Ыйсаева, М. Өмүрбай уулу; Түзгөндөр: А. Акматалиев, К. Кырбашев, М. Өмүрбай уулу, Ө. Шаршеналиев. Кырг. Улут. И. А. ж.б. - Б.: «Шам», 2003. – 400 б. - («Эл адабияты»). ISBN 9967-10-123-1. (интернет булагы)